*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

*Экспресс-маалымат*
2018-жылдын 13-марты

## 2018-жылдын январь-февралындагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2018 январь-февралы 2017[1] январь-февралына карата % пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январь-февралы 2016 январь-февралына карата % пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо) | 59027,4 | 102,7 | 104,4 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 52972,1 | 103,3 | 102,4 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 35965,0 | 105,4[2] | 123,4[2] |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 24752,4 | 112,0[2] | 123,9[2] |
| Пайдалуу кендерди казуу | 1885,0 | 103,7[2] | 171,5[2] |
| Иштетүү өндүрүшү | 23840,0 | 104,1[2] | 122,0[2] |
| Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 9932,7 | 112,7[2] | 112,4[2] |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 307,3 | 109,8[2] | 101,6[2] |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы | 14553,6 | 101,4 | 100,8 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 8672,7 | 103,2 | 96,7 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 8448,7 | 103,0 | 91,7 |

| | Иш жүзүндө | 2018 январь-февралы 2017[1] январь-февралына карата % пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январь-февралы 2016 январь-февралына карата % пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо | 51997,7 | 104,3 | 104,1 |
| анын ичинде автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 28883,7 | 103,0 | 104,3 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 2229,1 | 106,1 | 106,8 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу, миң тонна | 4606,9 | 102,2 | 104,6 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам | 102,1 | 102,1 | 105,1 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 93,8 | 100,5 | 88,3 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 3593,9 | 94,6 | 73,8 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 103,4 | 100,9 |
| - 2017-ж. декабрына карата | 101,4 | | |
| - 2017-ж. февралына карата | 103,5 | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 60,9 | 103,1 | 102,9 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3], сом | 14629 | 106,3 | 105,8 |
| Тышкы соода жүгүртүү[4] | 488,6 | 145,3 | 95,8 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 143,2 | 114,3 | 87,3 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 107,0 | 125,6 | 85,4 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 32,9 | 85,6 | 79,7 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 381,6 | 152,0 | 100,0 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 110,3 | 127,1 | 91,1 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] Январь (Чакан ишканаларды эсепке албаганда).
[4] Январь. (алдын-ала маалыматтар боюнча).

**2018-жылдын январь-февралындагы Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыгына кыскача түшүндүрмөлөр**

**Өнөр жай.** Өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү, текстиль өндүрүшүнүн (2,3 эсеге), кийим өндүрүшүнүн (44,6 пайызга), резина жана пластмассалык буюмдардын, башка металл эмес минералдык продукттардын (36,5 пайызга), мунай зат продукттарынын (25,8 пайызга) өндүрүштүк көлөмдөрүнүн өсүшүнүн эсебинен камсыздалды.

Электрэнергиясы, газ, буу жана кондиционирленген аба менен камсыздоонун көлөмү, 2017-жылдын январь-февралындагы деңгээлинен 12,7 пайызга ашык болду, бул электрэнергиясын өндүрүүнүн өсүшү жана бөлүштүрүү эсебинен жүрдү.

Муну менен катар, машиналардын жана жабдуулардын (32,8 пайызга), транспорттук каражаттардын (28,5 пайызга), негизги металлдардын жана даяр металл буюмдарынын (2,6 пайызга) өндүрүшүндө көлөмдөрдүн төмөндөшү белгиленди.

**Айыл чарбасы.** 2018-жылдын январь-февралында айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук продукцияларынын көлөмдөрүнүн көбөйүшү, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда мал чарбачылык продукцияларды өндүрүүнүн эсебинен камсыз болду.

**Курулуш.** Негизги капиталга инвестициялардын көлөмдөрүнүн өсүшү айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук, пайдалуу кендерди казуу, электрэнергиясы, газ, буу жана кондиционирленген аба менен камсыздоо (жабдуу), суу менен камсыздоо, тазалоо жана калдыктарды иштетүү, дүң жана чекене соода, маалымат жана байланыш, финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу, билим берүү, саламаттыкты сактоо, искусство, көңүл ачуу жана эс алуу, башка тейлөө ишмердиги, ошондой эле турак жай курулуш объекттеринин курулушуна карата алардын көбөйүшү менен шартталды.

Муну менен катар негизги капталга инвестициялардын төмөндөшү, кайра иштетүүч ү өндүрүш, мейманканалар жана ресторандар, транспорт иш-аракеттери жана жүктөрдү сактоо объекттеринин курулушунда белгиленди.

Ички булактардын эсебинен каржылана турган инвестициялардын көлөмдөрү өткөн жылдын январь-февралына салыштырмалуу 8,8 пайызга өстү, ал эми тышкы булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмдөрү, тескерисинче, 17,9 пайызга төмөндөдү.

Алардын негизги көлөмү (инвестициянын жалпы көлөмүнүн 78 пайызга жакыны) пайдалуу кендерди казуу, кайра иштетүү өндүрүшү, транспорт иш-аракеттери, саламаттыкты сактоо жана турак жай объекттеринин курулушуна багытталды.

**Соода.** Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо боюнча жүгүртүүнүн көбөйүшү, өткөн жылдын январь-февралына салыштырмалуу, негизинен дүң (8,4 пайызга) жана чекене соода (3,0 пайызга) көлөмдөрүнүн өсүшү менен камсыздалды.

**Баалар жана тарифтер.** Үстүбүздөгү жылдын февралында өткөн айга салыштырмалуу, керектөө бааларынын жана тарифтердин жалпы республика боюнча 0,9 пайызга өсүшү катталды. Ушул эле учурда, кызмат көрсөтүүлөргө

(3,4 пайызга), алкоголдук ичимдиктердин жана тамекилерге (1,1 пайызга) баалардын эң көп өсүшү белигленди. Ошондой эле үстүбүздөгү жылдын февралында өткөн айга салыштырганда, азык-түлүк продукцияларына жана алкоголсуз суусундуктарга карата (0,4 пайызга) баалар жогорулады.

Муну менен катар үстүбүздөгү жылдын февралында өткөн айга салыштырганда, азык-түлүк эмес товарларга баалардын бир аз төмөндөшү (0,1 пайызга) белгиленди.

Үстүбүздөгү жылдын февралында өткөн айга салыштырмалуу, республиканын Баткен облусунан башка, бардык аймактарда керектөө бааларынын жана тарифтердин жогорулашы байкалды, ал эми Баткен облусунда алар мурдагы айдын деңгээлинде сакталды. Баалардын максималдуу (1,6 пайыз) өсүшү Нарын облусунда катталды, бул башка аймактарга салыштырганда азык-түлүк продукцияларына жана алкоголсуз суусундуктарга (1,9 пайызга), ошондой эле кызмат көрсөтүүлөргө (4,4 пайызга) керектөө бааларынын жана тарифтердин көбүрөөк жогорулашы менен шартталды.

Үстүбүздөгү жылдын башынан тартып (өткөн жылдын декабрына салыштырганда) керектөө секторунда инфляциянын деңгээли 1,4 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-февралында **а**зык-түлүк продукттарына жана алкоголсуз суусундуктарга баалар бир пайызга өстү. Ушул эле учурда, жаңы жашылчаларга (10,4 пайызга), алмаларга (7,1 пайызга), картошакага (4,9 пайызга) жана куюла турган сүткө (3,1 пайызга) карата баалардын орчундуу өсүшү катталды. Муну менен катар, үстүбүздөгү жылдын башынан тартып гречкага (6,7 пайызга), печеньеге (2,1 пайызга), кум-шекерге (2,0 пайызга), балыкка (1,9 пайызга), уй майына (1,6 пайызга), кондитердик азыктарга (1,1 пайызга), суу майларга (0,7 пайызга) жана унга (0,5 пайызга) баалардын төмөндөгөндүгү байкалды. Ошондой эле, үстүбүздөгү жылдын январь-февралында (2017-жылдын декабрына салыштыруу боюнча) алкоголдук ичимдиктерге жана тамекилерге (5,0 пайызга), ошондой эле кызмат көрсөтүүлөргө (3,4 пайызга) баалардын жана тарифтердин жогорулагандыгы белгиленди. Үстүбүздөгү жылдын башынан тартып азык-түлүк эмес товарларга баалар 0,2 пайызга төмөндөдү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-февралында керектөө бааларынын жана тарифтердин максималдуу өсүшү (3,3 пайызга) Нарын облусунда катталды, бул башка аймактарга салыштырганда негизинен азык-түлүк продукцияларына жана алкоголсуз суусундуктарга (3,8 пайызга), жана кызмат көрсөтүүлөргө (4,4 пайызга) керектөө бааларынын жана тарифтердин орчундуу өсүшү менен шартталды. Ушул эле учурда, Баткен облусунда (0,8 пайызга) керектөө бааларынын төмөндөшү сакталды. Үстүбүздөгү жылдын башынан тартып алкоголдук ичимдиктер жана тамекилер Талас облусунда (8,0 пайызга), Ош облусунда азык-түлүк эмес товарлар (1,2 пайызга) көбүрөөк кымбаттады.

**Эмгек акы.** Үстүбүздөгү жылдын январында өтк өн салыштырганда, эсептелген орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин жогорулашы, дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди

оңдоо ишканаларынан жана уюмдарынан башка, экономикалык иш-аракеттердин бардык түрүндөгү ишканаларда жана уюмдарда байкалды.

Эсептелген орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин орчундуу жогорулашы курулуш тармагында (31,7 пайыз), башка тейлөө иш-аракеттеринде (20,7 пайызга), кесиптик, илимий жана техникалык иш-аракеттер тармагында (18,5 пайызга), транспорттук иш-аракеттерде жана жүктөрдү сактоодо (12,1 пайызга), кыймылсыз мүлк менен болгон операцияларында (10,8 пайызга), ошондой эле пайдалуу кендерди казуу тармагында (10,0 пайызга) байкалды.

**Тышкы экономикалык иш-аракеттер.** 2017-жылдын январына салыштырмалуу, 2018-жылдын январында экспорттук жөнөтүүлөрдүн 25,6 пайызга өсүшү, пахта буласынын 3,8 эсеге, алтындын - 2,8 эсеге, кургатылган жемиштердин – 1,5 эсеге көбөйүшүнүн эсебинен камсыздалды. Ушул эле учурда, сүт жана сүт продукттарын сыртка чыгаруу 39,2 пайызга, жылмаланган айнекти - 20,7 пайызга, рудаларды жана кымбат баалуу металлдардын концентраттарын – 18,8 пайызга, ошондой эле кургатылган буурчак жашылчаларын 6,4 пайызга төмөндөгөңдүгү байкалды.

Импорттук келип түшүүл ө 3,5 эсеге, синтетикалык кездемелер - 4,7 эсеге, башка бут кийимдери - 2,1 эсеге, түтүк, түтүктөр, профилдер - 2,6 эсеге, ошондой эле шоколад жана башка даяр азык-түлүк продукттары - 6,8 пайызга алып келүүлөр менен шартталды. Муну менен катар, дөңгөлөктөрдү алып келүү транспорт каражаттары - 3,1 эсеге, дары каражаттарын - 23,3 эсеге, автомобиль бензини- 13,6 пайызга азайды.

2018-ж. январь айында *ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен өз ара сооданын көлөмү* 143,2 млн. АКШ долларын түзүп, 2017-ж. январына салыштырганда 14,3 пайызга жогорулады. *Муну менен катар товарларды экспорттоо* 14,4 пайызга төмөндөдү, ал эми импорт, тескерисинче, 27,1 пайызга өстү.

Россияга экспорттолгон товарлардын ичинен пахта буласы - 6,6 эсеге, лампалар - 1,5 эсеге, ошондой эле, кургатылган жемиштер - 26,0 пайызга жогорулады. Ушул эле убакта буурчак жашылчалары - 3,0 эсеге.

Россиядан импорттолгон товарлардын ичинен канаттуулардын эти жана кургатылган жемиштер - 2,3 эсег, күн карама майы - 3,2 эсеге, кондитердик азыктар - 5,5 эсеге, түтүк, түтүктөр, профилдер - 3,0 эсеге, болоттон жасалган жалпак ташты прокаттоо - 35,3 пайызга, шоколад жана башка даяр азык-түлүк продукттары 28,2 пайызга көбөйдү. Ошол эле убакта, маргаринди - 2,3 эсеге, жеңил автомобилдерди - 2,0 алып келүү төмөндөдү.

Казакстанга экспорттолуучу товарлардын ичинен, турмуш-тиричилик приборлору - 1,5 эсеге, ошондой эле желим товарлар - 1,5 эсеге жогорулады. Ошол эле убакта, жылмаланган айнекти - 2,0 эсеге, баалуу металлдардын концентраттарын жана рудаларды - 45,4 эсеге, сүт жана сүт азыктарын алып келүү - 34,8 пайызга төмөндөдү.

Казакстандан алынып келген товарлардын ичинен күн карама майы - 4,3 эсеге, ун азыктары - 2,8 эсеге, косметикалык каражаттар - 2,1 эсеге, ошондой

эле суулар, минералдык сууларды кошпогондо, - 28,2 пайыз көлөмүндө өстү. Ошол эле убакта ундан жасалган кондитердик азыктар - 19,4 пайызга, таш көмүрдү алып келүү -16,1 пайызга төмөндөдү.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Орточо айлык номиналдык эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБге мүчө мамлекеттерден болгон импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешел[33] мезгилине карата пайыз менен)*




**ЕАЭБге мүчө мамлекеттер менен болгон экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешел[33] мезгилине карата пайыз менен)*




**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төраганын биринчи орун басары** **А.Т. Оросбаев**